# Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2014-жылдын январь айы)*

Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу жана баштапкы рынокто бир кошумча жайгаштыруу боюнча январь айында бир аукцион өткөрүлгөн. Рынок катышуучулары тарабынан 348,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул көлөм өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 58,2 пайызга көбөйтүлгөн. Бул көбөйүү коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн жогорулашынан улам болгон (мурдагыдай эле, бир коммерциялык банк кыйла активдүүлүктү көрсөткөн), институционалдык инвесторлор тарабынан кызыгуу мурдагыдай эле деңгээлде турган.

Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли 1,0 пайыздык пунктка төмөндөп, 32,3 пайызды түзгөн. Мында кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу 12,9 пайызды түзүү менен 0,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн. Рыноктун катышуучулары тарабынан аукциондо белгиленген суроо-талаптын орточо көлөмү 581,7 млн. сомду түзгөн.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил аралыгында жүгүртүүдөгү МКОнун көлөмү 5,8 млрд. сомго чейин (+0,8 пайызга) көбөйгөн. Институционалдык инвесторлордун портфели үлүштүк мааниде 40,0 пайызды (+1,4 пайыздык пункт) түзүү менен, 4,6 пайызга көбөйгөн. Мында, коммерциялык банктардын үлүшүнүн 1,5 пайыздык пунктка (58,3 пайызга чейин) төмөндөөсү байкалган. Резидент – юридикалык жактардын үлүшү өткөн айдагыдай эле 0,1 пайызды түзгөн.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОнун баштапкы рыногунун концентрациялануу[1] индекси 0,31ди түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтүп турат жана рынокто бирдей үлүштөгү үч инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Аталган индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздардын концентрациялануу деңгээли көрсөтүлөт. Концентрациялануу индекси Херфиндаля-Хиршмана методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.

**1-таблица. МКО кармоочулардын номиналдык нарк боюнча түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Институт. инвестор. | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Январь'2013 | 4 841 300,0 | 2 536 223,2 | 52,4% | 2 301 874,6 | 47,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Февраль | 4 955 200,0 | 2 650 123,2 | 53,5% | 2 301 874,6 | 46,5% | 3 160,2 | 0,1% |
| Март | 5 075 200,0 | 2 770 123,2 | 54,6% | 2 301 874,6 | 45,4% | 3 160,2 | 0,1% |
| Апрель | 5 089 700,0 | 2 784 623,2 | 54,7% | 2 301 874,6 | 45,2% | 3 160,2 | 0,1% |
| Май | 5 107 700,0 | 2 707 009,2 | 53,0% | 2 397 488,6 | 46,9% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июнь | 5 612 700,0 | 2 796 903,1 | 49,8% | 2 812 594,7 | 50,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Июль | 5 728 700,0 | 2 796 903,1 | 48,8% | 2 928 594,7 | 51,1% | 3 160,2 | 0,1% |
| Август | 5 598 700,0 | 2 838 031,9 | 50,7% | 2 757 465,9 | 49,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Сентябрь | 5 720 480,0 | 3 012 511,9 | 52,7% | 2 704 765,9 | 47,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Октябрь | 5 437 480,0 | 2 627 076,6 | 48,3% | 2 717 403,4 | 50,0% | 3 000,0 | 0,1% |
| Ноябрь | 5 318 580,0 | 2 635 176,6 | 49,5% | 2 588 703,4 | 48,7% | 4 700,0 | 0,1% |
| Декабрь | 5 740 680,0 | 3 431 385,9 | 59,8% | 2 214 594,1 | 38,6% | 4 700,0 | 0,1% |
| Январь'2014 | 5 785 280,0 | 3 374 033,5 | 58,3% | 2 315 546,5 | 40,0% | 5 700,0 | 0,1% |